**Жеке жактарга эсеп ачууда талап кылынган документтердин тизмеси**

Эсеп ачууну каалаган жеке жактардан төмөндөгү документтер талап кылынат:

1. Банктык эсеп ачуу тууралуу арыз жазуу (Банк тарабынан түзүлгөн үлгүдө);
2. Жеке жактар үчүн кардарлардын анкетасы (Банк тарабынан түзүлгөн үлгүдө);
3. Салык төлөөчүнүн каттоо картасынын көчүрмөсү;
4. Кыргыз Республикасынын жарандыгын тастыктаган өздүк документтер:
    - 2004-ж. үлгүдөгү Кыргыз Республикасынын жаранынын паспорту (ID карт);
    - 1994-ж. үлгүсүндөгү мөөнөтү бүтө элек Кыргыз Республикасынын жаранынын паспорту;
    - Жалпы граждандык паспортто дипломатиялык өкүлдүктүн же Кыргыз Республикасынын консулдук мекемесинин консулдук учетко же тийиштүү өлкөдөгү туруктуу жашаган адреси жана үй-бүлөлүк абалы тууралуу белгиси болгон Кыргыз Республикасынын жаранынын жалпы граждандык паспорту;
    - Офицердин, прапорщиктин өздүгүн тактаган күбөлүк же аскер кызматкерлеринин аскердик билети.

    Чет өлкөлүк жарандын же жактын Кыргыз Республикасына жарандыгы жок келүү (жашоо) укугун тастыктаган документ:

    - чет өлкөлүк жарандын паспорту;
    - жашап туруу укугу;
    - убактылуу жашоо уруксаты;
    - качкын күбөлүгү.
4. Он төрт жашка толо элек балдарга эсеп ачууда ата-энелер, ж.б. мыйзам өкүлдөрү төмөнкү документтерди көрсөтүүсү зарыл:
    - Банктык эсеп ачуу тууралуу арыз жазуу (Банк тарабынан түзүлгөн үлгүдө);
    - Жеке жактар үчүн кардарлардын анкетасы (Банк тарабынан түзүлгөн үлгүдө);
    - Ата-энесинин паспорту, же эсепти ачууга ыйгарым укук берилген ж.б. мыйзам өкүлүнүн паспорту;
    - Жашы жете элек кардардын туулгандыгы тууралуу күбөлүгүнүн көчүрмөсү;
    - Окуган жеринен (мектеп,лицей) берилген мөөр басылган маалымкаттын же жашаган жеринен берилген маалымкаттын сүрөтү менен түпнускасы (эгер мектепте окуса).
5. Он төрт жаштан он алты жашка чейинки жашы жете электер үчүн эсеп ачууда төмөнкү документтер талап кылынат:
    - Банктык эсеп ачуу тууралуу арыз жазуу (Банк тарабынан түзүлгөн үлгүдө);
    - Жеке жактар үчүн кардарлардын анкетасы (Банк тарабынан түзүлгөн үлгүдө);

- Туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү;
- Окуган жеринен (мектеп,лицей) берилген маалымкаттын же жашаган жеринен берилген маалымкаттын сүрөтү менен түпнускасы.